
# Бишкек шаарындагы №42 ЖОББМ

Мамлекеттик тил боюнча

директордун орун басары

Өмүралиева Жеңишгүл Токоновнанын 2019-2020 окуу жылына карата

2-жарым жылдык отчёту


Канчалык бийик учуп,
ааламды айланып алыска
баргың келсе,ошончолук терең
билим алып, китеп менен
дос бол!

Бекитемин
№42 жалпы орто билим
берүүчү мектебинин
директору Г.М. Джантаева
_______________

**Бишкек шаарындагы №42 жалпы билим берүүчү орто мектептин мамлекеттик тилди өнүктүрүү**

**боюнча аткарылган иш пландарынын 2-жарым жылдык жыйынтык отчёту.**

№42 ЖББОМ жалпы кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча 15 мугалим эмгектенет. Алардын баары 5 жылдан 35-40 жылга чейинки эмгек стажысы бар мугалимдер. Экөө ардактуу эс алуудагы мугалим. Мамлекеттик тилибизди өнүктүрүүдө ар бир мугалим өзүнүн жөндөмүнө жараша окуучулар менен кызыктуу сабактарды өтүшөт. Атайын тандап алган темалары да бар. Ошонун үстүндө иш алып барышат. Кыргыз тилин жана кыргыздын үрп-адатын, каада-салтын жайылтуу максатында да пландан сырткары ар кандай иш-чараларга активдүү катышып, окуучулардын талантынын ачылышына, өсүшүнө салым кошуп райондук, шаардык конкурстарга катышуу окуучулардын интелектуалдык деңгээлин көтөрүү максатка айланган.

III чейрек ичинде окуучулардын билим сапатынын жогорулашына көңүл бөлүп, башталгыч кластарынын окуу ылдамдыгы мугалимдери менен бирдикте текшерилди. Жазуу иштери, андан сырткары кыргыздын кооз жерлери, унутта калып бараткан буюм-тайымдарын (окуу китептеринде көрсөтүлгөн) сүрөткө тартып, кийизден жасатышты. Мисалга: шөкүлө, боз үй, калпак ж.б.

Жогорку класстарга атайын пландагы дил баян, эссе, доклад, реферат, слайд сыяктуу тапшырмалар берилип, аткарылды. Орус тилдүү класстарында жана кыргыз тилдүү класстарда дагы адабиятка, кыргыздардын тарыхына кызыккан окуучулар да бар. Мисалы Манасты кызыгып окуп, манас айткан ата-бабаларыбыздын басып өткөн жолун кызыгуу менен окуп, кунт коюп уккан окуучулардын да бар экени «Сынган кылыч» романы боюнча белгиленген кароо-сынакта байкалды.

Адатка айланган 21-февраль «Эне тил күнү» майрамы катары көп улуттуу республикабызда улуттардын арасындагы ынтымакты чыңдоо максатында белгиленип келет. Биздин мектепте да окуучулардын арасында салтанаттуу майрам. “Эл достугу эне тилинде” аттуу концерттик программа атайын планга киргизилип 7-класстардын арасында өткөрүлдү. Кыргыз, казак, орус, украин элдеринин кийимдери, улуттук тамак-аштары, дубал-гезиттери илинип окуучулардын көңүлдөрү көтөрүлүп аз болсо да улуттардын өзгөчө салт-санааларынан, ыр бийлеринен маалымат алышты. Концертти мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалимдери, класс жетекчилер жана метептин админстарциясы даярдашты. Райондук кароо-сынакта шериктеш түрк элдеринин тилинде сүйлөп, ырын ырдап, тарыхына, маданиятына, көрөм дүйнөсүнө көңул буруп
11-класстын окуучулары катышты аны Алияскарова Б.Т. даярдады.

# “Эл достугу эне тилинде”









Окуучулардын изденүү учуру




Кароо-сынактан чыккандан кийин






*Долбоордун жүрүшү*



Бишкек шаарынын мэриясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «5-мартты жыл сайын Ак калпак жана улуттук кийим күнү деп белгилөө жөнүндө» токтомун ишке ашыруу максатында бардык билим берүү мекмелеринде «Ак калпак күнү жана улуттук кийим күнү» белгиленет.

№42 ЖББО мектебинде 1-класстан 11-класска чейинки окуучулар бул күнү өзгөчөлөнүп кыргыздын улуттук баш кийими болгон Ак калпагын жана улуттук оймо-чиймелери басылган кийимдерди кийип келип мектепти шаңга бөлөшөт. Класс жетекчилер сабактын башында класстарга кирип улуттун кийимдерин, баш кийимдери жөнүндө кенен маалымат беришет. Калпак эмнеден жасаларын чечмелеп түшүндүрүшөт. Сабактын башталышы кыргыз Республикасынын гимни менен башталат.

Билим берүү башкармалыгынан буйрук берилип бул күнү мектептерде флешмоб, тегерек стол, жүрүш, концерт сыяктуу иштер жүргүзүлүүгө тийиш. №42 мектеп быйыл мектепте окуучуларды жөө жүрүшкө алып чыктык. Мектептин тегерегинде 60-70тей окуучу кыздар, балдар менен улуттук кийимдерди кийгизип, кыргыздын салттуу ырларынын коштоосунда көчөлөрдү кыдырып чыктык. Айрым окуучулардын жүзүндө сүйүнүч болгону кубандырат. Алар бизде ушундай майрамдын бар экенин кубаныч менен баса белгилеп жатышты.

Жүрүшкө башталгыч класстардын окуучулары, 5-6 класстардын жана бүтүрүүчү класстар активдүү катышышты. Жүрүштү окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Алтымышова Венера Төрөбековна, мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Өмүралиева Жеңишгүл Токоновна, башталгыч класстарынын мугалимдери Жалгапова Асел Мелисовна, Султанова Гүлнара Капаровна жетектешти. Албетте, мындай жүрүш көчөдө кетип бара жаткан жүргүнчүлөрдү жана ошол тегеректеги жашоочуларды да бейкапар калтырган жок. Жолдо кызыккан адамдар сүрөткө, видеого да тартып алып жатышты.

Класстарда окуучуларга калпактын жана кыргыздын керемет кийимдеринин сүрөттөрү тартылып, бул күн окуучулар үчүн өзгөчө күн катары белгиленди. Ушундай кыргыздын улуттук салт-санаасы, ырым-жырымдарын даңазалап келечек муундарга өткөрүп берүү, ата-бабабыздын басып өткөн жолун жаштарга үйрөтүү билим берүү мекемелеринин негизги милдеттеринин бири.


"ЖЕР ҮСТҮНДӨ КЫРГЫЗ БАРДА, АДАМЗАТ ЖАШАП ТУРГАНДА
"МАНАСТЫН" ЫРЫ ДА, СЫРЫ ДА БҮТПӨЙТ"
Ч. Айтматов
Ак калпак күнүңүздөр менен!



23-сентябрь Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнү.
Мамлекеттик тилге 30 жыл





АК КАЛПАК КҮНҮ


16-марттан баштап Президенттин жарлыгы менен  билим берүү мекемелери карантинге жабылып, жазгы каникул башталды.  Чейректик баалар коюлуп 3-чейрек жыйынтыкталды. Кырдаалга жараша окуучулар 4-чейректи онлайн түрүндө окуп баштaшты. Баардык класстардын сабактары ТВ аркылуу өткөрүлүп мугалимдер кайтарым байланышка чыгышкан. Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери дагы мүмкүнчүлүккө жараша видео сабактарды даярдап, презентацияларды окуучуларга жөнөтүп сабактар өтүлдү. Көпчүлүк учурда WhatsApp менен байланышта болушту. Сабактардын иштелмелерин интернет булактарынан алып, балдарга жөнөтүп, түшүнбөй калган учурда ар бир бала менен өзүнчө байланышып түшүндүрүлдү. Мугалимдер аракеттенип заманбап сабактарды өтүп жаткандары чоң жетишкендик болду.





5-класстар менен кайтарым байланыш






8-класстар менен кайтарым байланыш





Бишкек шаары
№42 ЖББОМ
8-класс
Кыргыз тили сабагы
Мугалим: Тагаева Жаңыл Жамаловна



Бишкек шаары
№ 42 ЖББОМ
7-класс
Кыргыз тили сабагы
Мугалим: Ниязалиева Э.Ш.
MyShared


Саламатсыңарбы, окуучулар!
Эң оор жакырчылык-билимсиздик.


learningapps.org
learningapps


5-класс
Кыргыз адабияты
Мугалим: Бектемирова Назгүл Абдыкеримовна


Кыргыз адабияты
Текшерген: Алияскарова Бактыкан
Аткарган: Эмилбекова Мимоза 11 «е» класс
БИШКЕК 2020


Мугалим: Жантаева Жазгул
3– класс
Кыргыз тили
Чын куран айынын жыйырма экиси
Окуучунун бир күнү

Сбактар өтүлдү. 2019-2020-жылды ийгиликтүү аяктап, жыйынтыктадык. Экзамендер жылдын  жыйынтыгы менен коюлду. Мугалимдер жаңы ыкмаларды өздөштүрүшүп, курстардан окуп жакшы аракет кылышты.
Отчёттор тапшырылды.

